| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | №97 ЖАЛПЫ ОРТО БИЛИМ БЕРҮҮ МЕКТЕБИ | | Кызм.аты-жөнү | Н.Э.Мамбетова |
| | | | Мөөнөтү | 31.01.2024 |
| | | | Окуу жылы | 2023-2024-жылы |
| | Документтин аталышы | ***Маалымдама*** | Колу | |

**Максаты:** Класстардын өздүк делолорун текшерүү жана толуктоо

**Корутунду:**

Башталгыч класстардын өздүк делолорун текшерүүдө төмөндөгүдөй кемчиликтер аныкталды:

**1-а класс** (жашаган жеринен маалымдамасы жок 6 окуучу аныкталды)

**1-б класс** ( жашаган жеринен маалымдамасы жок 4 окуучу катталды)

**1-г класс** ( жашаган жеринен маалымдамасы жок 7 окуучу, ОМСи жок 1 окуучу аныкталды)

**2-а класс** (делонун сыртындагы описи жок 4 дело, 24 окуучунун жашаган жеринен маалымдама, 4 окуучу алфавитке киргизилген эмес)

**2-б класс** (жашаган жеринен маалымдама жок 16 окуучу аныкталды)

**2-в класс** (жашаган жеринен маалымдама жок 13 окуучу, 2 окуучунун описи жок, 2окуучу алфавитке киргизилген эмес)

**3-а класс** (жашаган жеринен маалымдама жок 17 окуучу, описи жок 2 окуучу аныкталды)

**3-б класс** ( жашаган жеринен маалымдама жок 25 окуучу аныкталды)

**3-ж класс** (жашаган жеринен маалымдама жок 29 окуучу, описи жок 11 окуучу, ОМСи жок 1 окуучу аныкталды)

**4-а класс** (жашаган жеринен маалымдама жок 23 окуучу, описи жок 3 окуучу жана 3 окуучу алфавитке кирген эмес)

**4-б класс** (жашаган жеринен маалымдама жок 21 окуучу, описи жок 3 окуучу, делосу жок 2 окуучу, 3 окуучу алфавитке кирген эмес)

**Жыйынтык:** Бир нече эскертүүлөргө карабай **1-в, 2-ж, 4-ж** класстардын класс жетекчилери делолорун текшертүүгө алып келген эмес. Ал эми жогорудагы класс жетекчилерге аталган кемчиликтерди жоюу маселеси коюлду.

| | №97 ЖАЛПЫ ОРТО БИЛИМ БЕРҮҮ МЕКТЕБИ | | Кызм.аты-жөнү | Н.Э.Мамбетова |
|---|---|---|---|---|
| | | | Мөөнөтү | 29-февраль |
| | | | Окуу жылы | 2023-2024-жылы |
| | Документтин аталышы | ***Маалымдама*** | Колу | |

**Максаты:** Февраль айынын планынын аткарылышынын жыйынтык-анализи

**Корутунду:**

**1.** 9-б классынын окуучусу Сагынбаева Бермет, 9-в классынын окуучулары Кубанычбекова Нурайым, Сапарбаева Аиша, 11-а классынын окуучусу Майрамбеков Нур сабакты көп калтыргандыгы үчүн ата-энелери мектепке чакыртылып, түшүнүк каттар алынды. Ал эми 9-ж классынын окуучулары сабакка көп кечиккендиктери үчүн сүйлөшүүлөр жүргүзүлүп, эскертүү берилди.

**2.** 21-февраль-Бүткүл дүйнөлүк эне тил күнү. Улуттар аралык конкурсу уюштурулду. Конкурска 8-класстын окуучулары катышып концерттик-программа көргөзүлдү.

**3.** 2024-жылдын 15-февралында план боюнча 9-б классынын педагогикалык кеңешмеси болуп өттү. Жыйынга 13 ата-эне жана предметтик мугалимдер менен биргеликте мектепти администрациясы катышты. Жыйынтыгында протокол түзүлүп, токтом чыгарылды.

**4.** 21-феврал-Бүткүл дүйнөлүк Эне тил күнүнө карата Тил бирикмелери арасында кароо-сынак өткөрүлдү. Атап алсак, кыргыз тили бирикмеси-кыргыз улутун, орус тили бирикмеси-орус улутун, англис тили бирикмеси- британ улутунун тилдеринин каада- салтынан үзүндү, улуттук тамак-ашын, бийин, ырын алып чыгышып, таймаш мыкты деңгээлде өтүү.

**5**. 23- февраль - Ата Мекенди коргоо күнүнө карата 6-класстар арасында “Эр жигит эл четинде, жоо бетинде” аталышында таймаш болуп өттү. Таймаш 2 этап (спорттук жана концерттик) менен өткөрүлдү. Аталган таймашта 6-а класс 1-орун, 6-б класс 2-орун, 6-ж класс 3-орунга ээ болду.

6. “Мыкты класс жетекчи-2024” онлайн кароо-сынагына башталгыч класстардын мугалимдери Эсенаманова Нурзаада, Үсөнбай кызы Жазира жана жогорку класстын класс жетекчилери Эшкозуева Нургүл, Өмүрбек кызы Айзада катышып жатышат.

7. 6-7-класстарга Советтик аскерлердин Афганистан Республикасынан чыгарылып кеткендигинин 35 жылдыгына арналган “Тарыхтын жандуу барактары...” аттуу тематикалык иш-чараны табигый илимдер биркмесинин мугалимдери тарабынан жыйындар залында өткөрүлдү. Аталган семинарда чакан сценка жана презентация менен маалымат берилди.

**Аткарылбай калган иштер:**

1. Кыздарга жыныстык жетилүү жана гигиеналык эрежелерди түшүндүрүү иштерин жүргүзүү боюнча иш-чаралар 2024-жылдын 2-февралында онлайн окутуу болгондугуна байланыштуу жылдырылды.
2. Класс жетекчилердин тарбиялык класстык сааттарды көзөмөлдөө иши кийинки айга жылдырылды.

| | №97 ЖАЛПЫ ОРТО БИЛИМ БЕРҮҮ МЕКТЕБИ | | Кызм.аты-жөнү | Н.Э.Мамбетова |
|---|---|---|---|---|
| | | | Мөөнөтү | 31-март |
| | | | Окуу жылы | 2023-2024-жылы |
| | Документтин аталышы | ***Маалымдама*** | Колу | |

**Максаты:** Март айынын планынын аткарылышынын жыйынтык-анализи

**Корутунду:**

**1.** 2024-жылдын 5-мартында "Ак калпак" күнүнө карата калпакты даңазалоо максатында салтанаттуу линейка өткөрүлүп, концерттик программа менен коштолду жана видео презентациялар жасалды.

**2.** "Ак калпак" күнүнө карата атайын технология сабагынан берген эжелер тарабынан бурч уюштурулду.

**3.** 2024-жылдын 7-мартында ийрим жетекчилериин отчеттук концерттик программасы өткөрүлдү. Буга сүрөт, тигүү, англис тили информатика, спорт ийримдери оз таланттарын, чыгармачылыктарын көргөзө алышты. Аталган ийримдер боюнча видеоролик жасалып, сайттарга салынды.

**4.** 2024-жылдын 11- мартында 9-а, б класстарга ата-энелер чогулушу болуп, мында окуучулардын сабактагы жетишкендиктери, тартиби тууралуу маалыматтар берилди жана протоколдор алынды.

**5.** 22-март- Нооруз майрамына карата конциерттик программа уюштурулуп, улуттук каада-салт, үрп-адаттар тууралуу 7-класстарынын окуучулары арасында өткөрүлүп, жогорку деңгээлде көрсөтө алышты.

**6.** Март айынын каттоосуна 6-б, 4-б классынын окуучулары тартип бузгандыгы үчүн алынып, ата-энелеринен жекече чакырылып, түшүнүк каттар алынып, түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү. Сабактан көп кечкен 9-ж, 9-в, 11-а, 9-а класстарынын класс жеткечилерине эскертүүлөр берилди.

**7.** Окуучулардын электрондук күндөлүктун колдонулушу тууралуу тактоо иштери жүргүзүлдү. Атап алсак баштлагыч класстардын 100% ата-энелеринин телефону менен киришшери белгилүү болсо, жогорку класстын окуучуларынын 60-70% озүлөрүнүн уюлдук телефону менен кирери белгилүү болду.

**Жыйынтык:**

Март айына карата пландалган иш-чаралар өз убагында жүргүзүлдү. Аткарылбай калган иштер болгон жок жана апрель айына пландарга даярдыктар көрүлдү. Класстардын тарбиялык сааттары көзөмөлдөнүп, электрондук журналдан текшерилди.

| | №97 ЖАЛПЫ ОРТО БИЛИМ БЕРҮҮ МЕКТЕБИ | | Кызм.аты-жөнү | Н.Э.Мамбетова |
|---|---|---|---|---|
| | | | Мөөнөтү | 31-май |
| | | | Окуу жылы | 2023-2024-жылы |
| | Документтин аталышы | ***Маалымдама*** | Колу | |

**Максаты:** Май айынын планынын аткарылышынын жыйынтык-анализи

**Корутунду:**

**1.** 2024-жылдын 9-май-Жеңиш күнүнө карата атайын план иштелип чыгып, мында 1-11-класстар арасында "Улуу Жеңиш!" аталыштагы класстык сааттар өткөрүлүп, Мектеп парламентинин мүчөлөрү тарабынан "Эч ким , эч качан, эч нерсе унутулбайт!" аталышта бурч жасалды. Башталгыч класстын окуучулары арасында "Жеңиш күнү менин көзүм менен" аталышта сүрөттөр тартылды.Ал эми "Жеңиш күнү!" деген ат менен таланттуу окуучулар тарабынан чакан концерттик программа уюштурулду.

**2.** Бишкек шаарынын "Сейтек" балдар компдексинде "Жоокер ыры" көркөм окуу кароо сынагынын шаардык туру болуп, 7-б классынын окуучусу Жокинова Даткайым 1-орун алып, Республикалык турга жолдомо алды.

**3.** Башталгыч класстардын "Кош алиппе!", "Кош бол, башталгыч класс" аталыштагы тарбиялык сааттар өткөрүлдү.

**4.** Окуу жылдын жыйынтыгы менен Бишкек шаарында 2022-2025-жылдарга жашы жете электердин арасында кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча иш-чаралардын планын аткаруу максатында, ЖЖИ инспектору менен биргеликте окуучулардын каникулдан кийинки коопсуздугу, укук бузуу боюнча иш аракеттердин жыйынтыгы тууралуу маалыматтар берилди.

**5.** Окуучуларга жана класс жетекчилерге каникул убагындагы коопсуздугу эрежелери боюнча профилактикалык иштерди жүргүзүү максатында 11-класстан 11-класска чейинки окуучуларга өзгөчө кырдаал учурда кандай чара көрүү керектиги тууралуу жана ошондой эле жол коопсуздугу тууралуу сүйлөшүүлөр жүргүзүлдү.

**6.** Бүтүрүүчү класстардын ата-энелер чогулушу педагогикалык жамаат менен биргеликте өткөрүлдү жана балдардын каникул учурундагы ден соолугу, коппсуздугу ата-энелерге милдеттендирилип, тил каттар жана протоколдор алынды.

**7.** 2021-2026-жылдарга инсанды руханий-адептик өнүктүрүү жана дене тарбия Концепциясын ишке ашыруу боюнча иш-чаралар 2024-жылдын 2-кварталында ишке ашыруу жана маалымат РБББна берилди.

**Жыйынтык:**

2023-2024-окуу жылынын жыйынтыгына карата класс жеткечилерден окуучулардын тизмелери, класстык сааттар, мед.карталары, жашаган жеринен маалымдамаларынын толуктугу тууралуу маалыматтар алынып, кийинки 2024-2025-окуу жылына карата даярдык көрүлдү.